Чечим №: 13
24.03.2021г.

**Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы**
**Н.Шайлдабековага**

Баткен областынын, Кызыл-Кыя аймактык шайлоо комиссиясы, КР шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 23-мартындагы кириштелген №М-85 сандуу катталган арызы боюнча Кызыл-Кыя АШКсы төмөнкүлөрдү билдирет.

2021-жылдын 11-апрелинде Жергиликтүү кенеш депутаттарын шайлоо боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер негизинде, Кызыл-Кыя шаардык АШКсына 2021-жылдын 1-мартына чейин шайлоого катышуучу партиялар тарабынан документтер кабыл алынган.

2021-жылы 1-март күнү саат $21^{45}$ убакытысында «Ынтымак» саясий партиясынын лидери Анарбаев Нуртай Абдрасулович тарабынан тийиштүү документтер тапшырылган.

«Ынтымак» саясий партяисынан Кызыл-Кыя АШКсына алгачкы тапшырылган тизмесинде, Матаева Гулжан Жунусовна 15-катар номеринде катталган.

Матаева Г.Ж. тийиштүү өздүк документтери каралып чыгылып, шаардык кенештин депутаттыгына талапкер катары катталган. Матаева Г.Ж. жашаган жеринен маалым кат тиркелген (көчүрмөсү тиркелет).

Бирок, «Е-талапкер» программасынын текшерүүсүнөн кийин, Г.Матаеванын жашаган дареги Ош областынын Ноокат районуна караштуу Ай-Тамга айылына катталгандыгы аныкталган.

Кызыл-Кыя АШКсы 2021-жылдын 11-март күнү №27/2 чечимине негиз, Матаева Г. депутаттыкка талапкерлер тизмесинен чыгарылган жана КР БШКсына билдирилген.

Ошондой эле, партия лидерине Матаева Г. шаардык кенештин депутаттыгына талапкер катары көрсөтүүгө мыйзамда белгиленген талаптарга ылайык жооп бербегендиги боюнча билдирилген. Себеби, Г.Матаеванын жашоо дареги башка райондо катталгандыгы аныкталган. Андан сырткары, жалпы 19 кандидат тизмеден чыгарылган. Эгерде, алардын ар бири мөөнөтү өтүп кеткен болсо да, каттай берсек, аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан КР Мыйзамы бузулган болуп эсептелет.

2021-жылдын 12-март күнү шайлоого үгүт иштери башталгандыгына байланыштуу депутаттыка талапкерлерди каттоо токтотулган.

Г.Матаеванын өздүк паспортундагы жашаган дареги 2021-жылдын 16-март күнү дарегин өзгөртүүгө берилген. Бирок, Кызыл-Кыя АШК төрагасына 2021-жылдын 18-март күнү саат $17^{48}$ убактысында билдирилген. Бул Мыйзамда көрсөтүлгөн мөөнөттөн кеч калгандыгына байланыштуу Кызыл-Кыя АШКсы Г.Матаеваны каттоодон баш тарткан. Себеби, Мыйзам баарына бирдей. Андан сырткары, WatSapp группа аркылуу 2021-жылдын 12-март күнү саат $16^{33}$ убактысында бардык партия өкүлдөрүнө, Мыйзам негизинде талапка жооп бербеген талапкерлерди агитация иштеринде сүрөттөрүн жайгаштырбоо боюнча эскертүү берилген.

*Тиркеме: Г.Матаева боюнча тийиштүү документтери көчүрмөсү 4 баракта, 1 нускада.*

**Кызыл-Кыя АШК төрагасы** **Н.Жалиев**

**Кызыл-Кыя АШК катчысы** **Э.Жусупова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
КЫЗЫЛ-КИЙСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

КР БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 02-15/940
„25" 03 2021 ж/г